ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

УДК: 372:81 (575.2) (043.3)

**АСКАР К. Ж.**
Ж.БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ КУУ,
БИШКЕК, КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
**АСКАР К. Ж.**
КНУ ИМ. Ж.БАЛАСАГЫНА,
БИШКЕК, КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
E-MAIL: ASKAROVAJ1978 @MAIL.RU
**ASKAR K. ZH.**
KNU N.A. ZH.BALASAGYN,
BISHKEK, KYRGYZ REPUBLIC

***E.mail. ksucta@elcat.kg***

# ПРОФЕССОР К.К.САРТБАЕВДИН КЫРГЫЗ ТИЛ МОРФОЛОГИЯСЫН ОКУТУУ ЫКМАСЫ

# МЕТОД ОБУЧЕНИЯ ПРОФЕССОРА К.К.САРТБАЕВА МОРФОЛОГИИ КЫРГЫЗСКОГО ЯЗЫКА

# METHOD OF TRAINING OF PROFESSOR K.K. SARTBAYEV MORPHOLOGY OF THE KYRGYZ LANGUAGE

*Макалада профессор К.К.Сартбаевдин кыргыз тилинин морфологиясын окутуу боюнча концепциясынын орчундуу маселелери жана аларды азыркы мезгилде колдонуунун жолдору тууралуу айтылат.*
***Чечүүчү сөздөр**: грамматика, морфология, окутуу, сөз, сөз түркүмдөрү, морфологиялык талдоо, оозеки кеп, жазуу кеп.*

*В статье рассмотрены актуальные вопросы по обучению морфологии кыргызского языка в концепции профессора К.К.Сартбаева и их применение в настоящее время.*
***Ключевые слова:** грамматика, морфология, обучение, слово, части речи, морфологический анализ, устная речь, письменная речь.*

*The article deals with topical issues on teaching the morphology of the Kyrgyz language in the concept of professor KK Sartbaev and their application at the present time.*
***Key words:** grammar, morphology, learning, word, parts of speech, morphological analysis, oral speech, written speech.*

Профессор К.К.Сартбаев – кыргыз тил илиминин өнүгүшүнө канчалык салым кошсо, кыргыз тилин окутуунун методикасы илимине да андан кем эмес эмгек сиңирген улуу педагог-окумуштуу. Ал 1939-жылдан тартып, өмүрүнүн акырына чейин (1988) улуттук университетте эмгектенип, педагогдук-окумуштуулук ишмердүүлүгүнүн төрт багытта үзүрлүү жүргүзүп келген. Биринчи багыт – жогорку билимдүү филолог-адистерди даярдоо; экинчи багыт – кыргыз тил илими боюнча илимий изилдөө иштерин жүргүзүп, фундаменталдуу эмгектерди жарыялоо; үчүнчү багыт – кыргыз тилин окутуунун методикасы илиминин калыптанып, өнүгүшүнө салым кошуу, төртүнчү багыт – кыргыз тил илими жана кыргыз тилин окутуунун методикасы илими боюнча илимдин кандидаттарын, докторлорун даярдоо. Бир эле учурда бир нече багыттарда иштеп, алар боюнча орчундуу жана тарыхый мааниге ээ болгон илимий-методикалык мурастарды калтырган улуу инсандар анча деле көп эмес.

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

1951-жылы «Кыргыз тилин окутуунун методикасы» эмгегинин жарыкка чыгышы К.К.Сартбаевдин педагогикалык чоң ийгилиги болду. Кыргыз тилин окутуунун методикасына арналган макалалары, ал боюнча окуган лекциялары, мектептерде жүргүзүлгөн педагогикалык практиканын материалдарынын жыйындысы бул эмгектин иштелип чыгышына негиз болгон. Бул эмгек – кыргыз тилин окутуунун методикасы боюнча негизги маселелерин толук камтыган эң алгачкы окуу куралы. Анда мектептерде кыргыз тилин окутуу боюнча бардык негизги маселелер камтылып, фонетиканы, морфологияны, синтаксисти, орфографияны, пуктуацияны жана сөз өстүрүү жумушун окутуу боюнча материалдарды класста пайдаланууга, колдонууга ылайыкталып жазылган. Китептин негизги ийгилиги – кыргыз тилин окутууда грамматикалык эрежелерди курулай жаттатпай, окуучуларга терең билим берүүгө, анын маанисин түшүнүүгө карата методикалык жолдорду сунуш кылгандыгында. Бул эмгектин жарыкка чыгышы жогорку окуу жайларынын студенттери жана мектеп мугалимдери үчүн баалуу эмгек катары кабыл алынды.

Эмгекте методиканын психология, педагогика менен болгон байланышы аныкталып, кыргыз тилин окутуу маселеси ушул убакка чейин илимий жактан терең изилдөөгө алынбай жатканын айткан. Жыл өткөн сайын мазмуну жакшыртылып, кемчилик жактарын жоюуга көп аракет кылганын, дайым окуткан сабагынын мазмунун жакшы билүү кыргыз тилин мектептерде чаржайыт, туш келди окутпастан, методикалык принциптерди туура сактап окутса, көп ийгиликтерге жетише турганын белгилеп көрсөткөн.

Окумуштуунун «Кыргыз тилин окутуунун методикасы» толукталып, түзөтүлүп алтынчы жолу басылып чыгышы 1978-жылы жарык көргөн.

Бешинчи глава «Грамматиканы окутуунун методикасы» деп аталат. Киришүүдө грамматиканын айрым теориялык маселелерине кайрылган. Анда грамматикалык форма, грамматикалык маани, грамматикалык категория терминдеринин түшүндүрмөлөрүн чечмелеп берген.

Грамматиканы окутуунун методикасын эки бөлүккө бөлүп караган: морфологияны окутуунун методикасы жана синтаксисти окутуунун методикасы.

Мектепте грамматиканын материалдарын окутуу орчундуу мааниге ээ. Анткени окуучулар грамматикалык материалдарды окуп-үйрөнүү менен туура сүйлөөгө, сабаттуу жазууга үйрөнүшөт. Грамматиканы үйрөнүүнүн мааниси жана анын материалына коюлуучу талаптар деген бөлүмдө окумуштуу морфология сөз мүчөлөрү, сөз бөлүктөрү аркылуу сөздөрдүн өзгөрүшүн, жасалышын гана үйрөтпөстөн, окуучулар ал аркылуу сөз түркүмдөрүн жана сөздөрдүн колдонулуш маанисин үйрөтөрүн белгилеген.

Грамматикада көңүл бөлчү нерсе бул – грамматикалык терминдер. Грамматикалык материалдарды өтүүдө эреже, мисалдар менен гана чектелип калбастан, грамматикалык терминдердин ички маанисин чечмелеп түшүндүрүп турса, окуучулардын грамматикалык эрежелерди курулай жаттап алууларына жол берилбейт.

Грамматика бөлүмүндө окула турган объектилердин бири – сөз. Сөз составын окутуунун методикасы боюнча төмөндөгүлөргө кайрылган. Сөз составын окутууда буларга айрыкча көңүл бөлүү керек:

1. окуучуларды сөз жасоонун процесси менен туура тааныштыра билүү;
2. жаңы сөздөрдүн сөздүк составды толуктап турушун окуучуларга даана түшүндүрүү;
3. окуучулардын орфографиялык жактан сабаттуу жаза алууларына жетишүү [2, 114-б].

Сөздүн составын өтүүдө куранды жана уланды мүчөлөрдүн түрлөрү, жөнөкөй жана татаал сөздөр, сөз мүчөлөрүндөгү тыбыштардын өзгөрүшү, мүчө уланганда уңгунун өзгөрүп кетиши, тыбыштардын алга жана артка карай ээрчип айтылышы деген материалдарга көбүрөөк көңүл бөлүү зарыл.

Ар бир сөз түркүмүн өтүп жатканда да сөз составы жөнүндө айтып туруу керек.

ABBYY PDF Transformer 2.0
Click here to buy
www.ABBYY.com

Сөз составы боюнча окуучулардын өз алдынча иштөө үчүн төмөндөгүдө тапшырманы сунуштайт:

1. жалаң уңгунун өзүнөн турган сөз (киши, эне);
2. уңгу менен куранды мүчөдөн турган сөз (жумуш-чу, мал-чы);
3. уңгу менен уланды мүчөдөн турган сөз (бала-га, ата-нын);
4. уңгу, куранды жана уланды мүчөдөн турган сөз (жумуш-чу-ну, өтүк-чү-гө).

Окуучулар сөздүн составын унутуп калбаш үчүн сөздүк жумуштарын жүргүзүү жакшы натыйжа берет. Ошондуктан окуучуларга сөздөрдү бөлүштүрүп, сөздүк түзүү ишин кеңири алып барууга болот.

Профессор К.К.Сартбаев кыргыз тилинин морфологиясын окутуунун теориялык-дидактикалык жана практикалык маселелери боюнча өз мезгилиндеги методикалык талаптарга толук жооп берген маалыматтарды бере алган. Ал сунуштар азыр да актуалдуулугун жогото элек. Биздин максат аларды толук талдап, кошумчалап, практикада колдонууга сунуш кылууда турат.

Грамматиканы окутуудагы көрсөтмөлүүлүк боюнча көрсөтмө куралдын төмөнкү түрлөрүн берген: таблица, түрдүү схемалар, айрым учурда сүрөттөр кирет.

Таблица окуучуларга грамматикалык материалдарды түшүндүрүүдө мааниси чоң экендигин, туура пайдаланылган таблицалар сабак берүүнү жандардырат жана окуучулардын сабакка кызыгууларын жогорулатат. Сабакта таблицаны колдонуу убакытты туура пайдаланууга эле эмес, окуучуларга түшүндүрүүдө да чоң жардам болот.

Грамматикалык таблицаларды даярдоодо жана кантип пайдалануу керектигин, кандай методикалык маселелер болорун сунуштаган:

- Таблица бир гана грамматикалык маселени ичине алсын;
- Анын сызыктары (графикасы) окуучулар үчүн татаал болбостон, жөнөкөй түрдө болсун;
- Негизги маселе түрдүү боёктор менен берилсин;
- Таблица кооз, үлгүлүү, ачык, даана, таза болуп иштелсин.

Таблицадан тышкары сүрөт менен сүйлөм түзүүгө, сөздөрдү топторго бөлүштүрүүгө, түрдүү синтаксистик обороттордү берүүгө жана сабакта досканы кантип туура пайдалануу тууралуу методикалык ыкмаларга кайрылган.

Кыргыз тилинин морфологиясын окутуу боюнча окумуштуу сунуш кылган маалыматтардын негизин төмөнкү материалдар түзөт.

**1. Морфологияны окутуунун максаты жана милдети**

Морфология – бул грамматиканын бир бөлүмү, ал сөздүн грамматикалык формасын, алардын өз ара байланышын жана карым-катнашын окутат. Морфологиянын систематикалык курсу 5-7-класстарда бир баскычтуу принципте окутулат. Морфологияны окутуу процессинде окуучулар уңгу жана мүчө, сөз жасоо, сөз түркүмдөрү тууралуу түшүнүктөрдү өздөштүрүшөт.

**Морфологияны окутуунун максаты:**

- Окуучуларга морфологиялык түшүнүктөрдү түшүнүү менен кабыл алуусуна жетишүү;
- Окуучуларды адабий тилдин нормалары жана сөз жасоо жолдору менен тааныштыруу;

**Морфологияны окутуунун милдети:**

- Окуучуларды кыргыз тилинин сөз түркүмдөрүнүн курамы жана алардын маани берүүчү сөз түркүмдөрү, кызматчы сөз түркүмдөрү ошондой эле сырдык сөздөр өзгөчө сөз түркүмдөрү болуп бөлүнөрү менен тааныштыруу;
- Окуучулардын белгилүү бир сөз түркүмдөрүнүн негизинде сөз өзгөртүүчү формасын кабыл алуусун камсыз кылып, ал формаларды өздөрүнүн сөз айкашын жана сүйлөм түзүүдө туура колдонуусун үйрөтүү;

ABBYY PDF Transformer 2.0
Click here to buy
www.ABBYY.com

ABBYY PDF Transformer 2.0
Click here to buy
www.ABBYY.com

- жазуу эрежелеринин түшүнүктөрүнө таянып, морфологияны окутуу байланыштуу керектүү орфографиялык ыкмаларды иштеп чыгуу.

Азыркы учурда морфологияны окутуу синтаксистик негизде өтөт. Морфология менен синтаксистин өз ара байланышы, мектепте грамматиканы окутуунун алдынкы принциптери катары каралат.

Морфологиялык түшүнүктөрдү окутуу процессинде окуучулар тигил же бул сөз формасы кайсы сөз түркүмдөрүнө кирерин, кандай грамматикалык белгилерге ээ экендигин, сүйлөмдө кандай кызмат аткарарын өздөштүрө алышат. Эң башкы көңүл сөз формасына мүнөздүү шарттарга аны ар кандай стилде жана сүйлөө жанрында колдонууга, байланыштуу сүйлөм түзүүгө сөз түркүмдөрүн максаттуу колдонууга болот.

Ошондуктан морфологияны синтаксистик негизде окутуу сөздөрдүн лексика-грамматикалык мааниси сүйлөмдүн элементи катары каралат. Мына ушул тил бирдиги грамматикалык белгилерди ишке ашырат. Контексте тил бирдигин карап чыгууда окуучулар анын маани мазмунун беруудөгү ролун билишет. Демек, контексттин бирдигинин семантикасын ачуучу шарт болуп саналат.

**2. Морфологияны окутуунун негизги мазмуну.**

- Сөз түркүмдөрдүн системасы.
- Сөз түркүмдөрү алардын грамматикалык маанилери, морфологиялык белгилери, синтаксистик ролу.
- Кызматчы сөз түркүмдөрү.
- Сырдык жана тууранды сөздөр.
- Кыргыз адабий тилинин негизги морфологиялык нормалары.
- Негизги морфологиялык каражаттар.
- Морфология боюнча алган билимдерди жазуу практикасында колдонуу.

**3. Мектепте окутулуучу «Морфология» бөлүмүнүн негизги түшүнүктөрү.**

Негизги морфологиялык бирдик сөз формасы болуп эсептелет, башкача айканда, сөз анын грамматикалык маанисинде. Сөздөрдү сөз түркүмдөрүнө бөлүштүрүү төмөндөгүдөй критерийлерден турат: жалпы грамматикалык маанилер (эмнени билдирет, кандай суроолорго жооп берет), морфологиялык белгилерден жана синтаксистик функциялардан (кандай сүйлөм мүчөлөрү болуп саналат).

Сөздөрдүн лексикалык маанилерине, морфологиялык белгилерине жана аткарган синтаксистик кызматына карай сөз түркүмдөрү төмөндөгүдөй болуп бөлүнөт: Маани берүүчү сөз түркүмдөрү, маани бербөөчү (кызматчы) сөз түркүмдөрү жана өзгөчө сөз түркүмдөрү.

Морфологияны окутуу процессинде окуучулар «сөз түркүмдөрү» жана «сөз түркүмдөрүнүн грамматикалык белгилери» деген негизги түшүнүктөрдү өздөштүрүүгө тийиш. Мисалы, сын атоочту сөз түркүмдөрү катары кабыл алууда окуучулар «сөз түркүмдөрү» жана «грамматикалык белгилери» боюнча алган билимдерине таянып, биринчи тексттен кандай? кайсы? кимдики? деген суроого жооп берген жалпы грамматикалык маанидеги сөздү тандап алып, анан ага морфологиялык белгилерин (сан, жөндөмө, жак) синтаксистик функцияларын (аныктооч же баяндооч) аныкташып талдашат.

Сөз түркүмдөрүнүн грамматикалык белгилерин талдоо үчүн **классификациялык** (туруктуу) жана сөз өзгөртүүчү (туруксуз) белгилерин ажыратып алуу керек. Классификациялык белгилер сөз түркүмдөрдү бир бүтүндүктө карап, сөздүн лексика-грамматикалык класстарынын ичинен аны бөлүп алат. Маселен, зат атооч төмөнкү классификациялык белгилерге ээ: энчилүү жана жалпы, жандуу жана жансыз, үч жактын бирөөсүнө таандык боло алат.

Сөз өзгөртүүчү белгилери конкреттүү сөз формасына тактап айтканда речте колдонуучу сөздүн формасы менен мүнөздөлөт. Зат атооч үчүн сөз өзгөртүүчү белгилер булар сан жана жөндөмөлөр. Сөз түркүмдөрү жөнүндө жаңы мазмундагы түшүнүк балдардын эсинде белгилүү схемада кабылданып, морфологиялык окуусун өздөштүрүүдө

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

эффективдүү каражат болуп эсептелет. Морфологиялык түшүнүктөрдү окутуу процессинде окуучулар тигил же бул сөз формасы кайсы сөз түркүмдөрүнө, кандай грамматикалык белгилерге ээ жана сүйлөмдө кандай роль аткарарын билүүгө жетишет.

Сөз түркүмдөрдү окутууда негизги көңүлдү сөз формасын ар кандай стилде жана жанрда, сүйлөм түзүүдө сөз түркүмдөрдү максаттуу колдонууга бөлүшөт. Андан тышкары, орфографиялык жана башка сөз түркүмдөрдү туура жазуу эрежелери менен иштөө актуалдуулукка жатат.

**4. Морфологияны окутуу процессинде өздөштүрүлгөн көндүмдөр:**

- Сөздөрдү сөз түркүмдөрү боюнча бөлүштүрүп, алардын морфологиялык белгилерин аныктап, морфологиялык талдоо жүргүзүү;
- Тексттен керектүү сөздү таап, аны сөз түркүмү боюнча талдоо;
- Сөз формасын туура түзүү;
- Сүйлөм жана сөз айкашын түзүүдө сөз формасын туура жана орундуу колдонуу;
- Тигил же бул сөз түркүмдөрүнүн текст түзүүчү функцияларын аныктоо;
- Сөз түркүмдөрдү жазуу үчүн орфографиялык эрежелерди колдонуу.

**5. Морфологияны окутуунун принциптери.**

- Лексика-грамматикалык принцип – сөздүн лексикалык жана грамматикалык маанилерин салыштыруу;
- Парадигмалык принцип – сөздүн баштапкы жана кыйыр формалары;
- Синтагматикалык принцип – сөз түркүмдөрдүн айкашуу мүмкүнчүлүгүн кароо;
- Морфологиялык-синтаксистик принцип – сөз түркүмдөрү менен сүйлөм мүчөлөрүнүн биримдиги.

**6. Морфологиялык көнүгүүлөр**

Морфологиялык талдоо – сөздү сөз түркүм катары талдоо. Морфологиялык талдоо оозеки жана жазуу жүзүндө болушу мүмкүн. Морфологиялык талдоо жүргүзүүдө эң биринчи сөз түркүмүн жана анын грамматикалык маанилерин, андан кийин классификациялык белгилери, сөз өзгөртүүсү жана синтаксистик функциясы көрсөтүлөт.

**Морфологиялык түшүнүктөрдүн үстүнөн байкоо жүргүзүү:**

Тексттен берилген сөз формаларын табуу жана жазуу, сөз түркүмдөрдүн грамматикалык белгилерин; сөз түркүмдөрүнө таандык омоним сөздөрдү; текст түзүүдө сөз формасын аныктоо.

Кыргыз тилин компетенттүүлүккө негиздеп окутууга коюлуп жаткан азыркы педагогикалык талаптар профессор К.К.Сартбаевдин морфологияны окутуу боюнча иштеп чыккан концепциясын танбайт, жокко чыгарбайт. Тескерисинче, аларды окуучулардын тилдик компетенттүүлүктөрүн калыптандырып, өркүндөтүүдө кошумчалап колдонууну сунуш кылат.

**Адабияттар тизмеси**


1. Профессор К.К.Сартбаевдин 80 жылдыгына арналган конференциянын материалдары [Текст]. – Фрунзе: 1991.- 167 б.
2. Сартбаев К.К. Кыргыз тилин окутуунун методикасы [Текст] / К.К.Сартбаев. – Фрунзе: 1978. - 308 б.
3. Сартбаев К.К. – окумуштуу жана педагог. Профессор К.К.Сартбаевдин 90 жылдыгына арналган конференциянын материалдары [Текст]. – Бишкек: 2002. -286 б.
4. Чыманов Ж.А. Кыргыз тилин окутуунун теориясы жана практикасы [Текст]/ Ж.А.Чыманов. – Бишкек: Турар, 2009. –488 б.
5. Үсөналиев С. Азыркы кыргыз тилиндеги сөз түркүмдөрүнүн өнүгүш тарыхы боюнча таблицалар [Текст] /С. Үсөналиев, Т. Асанакунов, Г.Үсөналиева. – Бишкек: Шам, 2005. – 152 б.